**№17 С.Далбаев атындагы гимназия мектебинде окуучулардын билим сапатын жогорулатуу багытындагы окуу-тарбия иштеринин абалы жана предметтердин окутулушу боюнча**

**ОТЧЕТ.**

№17 С.Далбаев атындагы гимназия мектеби “Инсанга багытталган билим берүүнүн максаттарына жооп бере тургандай, окутуунун натыйжалуу усулдарын өздөштүрүү аркылуу, окуучулардын билимге болгон кызыгуусун өнүктүрүү” проблемасы менен иш алып барат. Мектептин жалпы иш планы 7 багыт менен тузүлгөн. Өткөн окуу жылына анализ берилип, ар бир мугалимдин жетишкен жана жетишпеген жактары белгиленген.Окуучулардын жылдык билим сапатынын мониторинги чыгарылган. ЖРТ жана олимпиада боюнча 5 жылыдк жыйынтыгы чыгарылып, мониторинг жүргүзүлгөн. Жаңы окуу жылына милдеттер каралган, ал милдеттердин аткарылышы боюнча көзөмөл жургүзүлгөн.

Директор номенклатуранын негизинде иш кагаздарды даярдаган. Мектепте саясий окуулардын планы түзүлүп, саясий окуулар жүргүзулуп турат. Мектепте кабелдик интернет болгондугуна байланыштуу, ар бир мугалим өздүк ноутбугун туташтырып же мектептин электрондук китепканасындагы компьютерлерден пайдаланып түрдүү методикалык жаңылыктар менен интернет аркылуу таанышып турушат.Мектепте ар бир мугалим атайын компьютердик курстан өтүшүп сертификат алышкан. Мугалимдер компьютерди толук пайдалана алышат жана сабактарда компьютерден слайддарды түзүшүп, интернеттин түрдүү булактарынан керектүү материалдарды, усулдук колдонмолорду алып сабагында колдоно алышат.Мектепте мыйзамдар боюнча иш кагаздар даярдалган. Мугалимдер “билим берүүнүн стандарты” боюнча иш алып барышат.Предметтик мугалимдерде бардык предметтер боюнча предметтик стандартты бар жана аны сабакта колдоно алышат.

КРнын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамын колго алышкан.Билим сапатын жогорулатуу максатында иновациялык усулдарды колдонуу менен чейрек сайын жетишүү боюнча мониторинг чыгарылып турат.Гимназия класстарда терендетилип окутулган предметтер боюнча жарым жылдын жана жылдын жыйынтыгы менен экзамен алынып, зачеттук китепчелерине коюлуп турат жана ошол китепчедеги баалар боюнча да мониторинг жургүзүлөт.

Мектептин проблемасынын үстүндө иш алып барылат. Ар бир мугалим натыйжалуу усулдарды пайдалануу менен окуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттырып. Билим сапатын жогорулатууну көздөп иновациялык усулдарды колдонуп сабак өтүшөт. М: Кыргыз тил мугалими Момкеева, орус тили мугалимдери Жунусова, Абитовалар, математика мугалими

Артукбаева, химия мугалими Ташматова, физика мугалими Кадыровалардын сабактарына катышканыбызда заманбап техникалык каражаттарды пайдаланып, иновациялык интерактивдүү метод менен сабак өтө алышты.

Мектеп 2023-жылдын январь айында аккредитациядан өтөт. Мектепте өзүн-өзү баалоо комиссиясы 2022-жылдын 30-сентябрында түзүлгөн. Мектеп юридикалык каттоодон өткөн, директор электрондук кол тамга алып, аккредитациядан өтүү үчүн каттоодон өткөн. Мектептин сайты ачылган, азыркы күндө маалыматтар жүктөлүп жатат. Мектептин сайты https//school17.vercel/app/ деп ачылган.

Камсыздандыруу мектепте 100% өтүшкөн. Декабрь айында полистерди жаңылоочулар бар.

Билим берүүнү өнүктүрүү үчүн 2020-2025-жылга стратегиялык план түзүлгөн. Стратегиялык план ар бир окуу жылына өзүнчө түзүлүп беш жылга түзүлгөн, ар бир окуу жылындагы пландын аткарылышы көзөмөлгө алынган. Ошол планда каралган пландар боюнча: 2020-2021-окуу жылында мектепке 1.3 млн. сомдук инвестиция тартылган. Мектепке электрондук китепкана ачылып, китепканага компьютер, ноутбук, фотоапарат, видеокамера, интерактивдүү доска алынган.Ар бир класс б.а. 31 даана телевизор алынып ар бир класска илинген. Мектепке рупор алынган. Мектептин ашканасынын дубалы 1.5 метрге кафелденип, тамак жасалуучу печка, самовары менен бүткөрүлгөн.

2021- 2022- окуу жылында 3.5 млн сомдук инвестиция тартылып, эски корпустун терезелери пластикке алмаштырылып, жылытуу системасы жаңыланган. Спорт залга 100 мин сомдук спорттук инвентарлар алынган. Демөөрчүлөр тарабынан мектепке 100миң сом жумшалып мектеп боюнча ар бир класстын лампалары жаңы заманбап лампаларга алмаштырылган. Көзөмөл кеңештин курамы менен биргеликте мектептин жасалгалары жаңыланып 120 миң сомдук иш аткарылган. Айыл өкмөт тарабынан 70 миң сомго кабинетти ремонттон өткөрүп, Агахан фонду менен биргеликте иштеп окуу борбору ачылып аны жабдуу үчүн 180 мин сомдук оборудование алынган: 4даана компьютер, эки ноутбук, эки принтер, эки шкаф, бир магниттик доска, бир интерактивдүү доска.”Келечек үчүн билим берүү” долбоору менен иштеп жатышат, компьютерлерди коюуга класс даярдалып, интернет киргизилген.

Санариптештирүү боюнча иш-чаралар түзүлгөн жана стратегиялык планда каралып, мектепти санариптештирүү колго алынган. Анын негизинде электорондук китепкана ачылып иштейт. Электрондук китепканада вай-фай бар интернетке туташтырылган, ал жерде ар бир мугалим өз ноутбугу менен иштеп сабакка даярданат. Бардык мугалимде ноутбук бар.

Мектепте Манас, кыргыз тил, орус тил, ден-соолук,спорт бурчтары уюштурулган. Ар бир предмет боюнча предметтик стенддер чыгарылган. Кыздар менен иштөө үчүн кыздар кеңеши уюштурулуп, атайын бурч уюшулган.

Педагогикалык кеңештин иш-планы түзүлүп, бекитилген жана ар бир педкеңешме план боюнча өткөрүлгөн, токтомдору жазылып, справкалары тиркелген. Планда кезек менен тиешелүү предметтердин окутуу абалы, ОББнын КТИУнун соцпедагогдун, китепканачынын, БӨУнун отчеттору , кылмыштуулукту, суицидди алдын алуу боюнча иш-чаралар камтылган.

Директор алдындагы кеңешменин иш планы түзүлүп бекитилген. Директор алдындагы кенешме бир айда эки жолу, админстрация,тиешелүү мугалимдер , техкызматкерлер чакыртылып өткөрүлөт.Иш план боюнча иш алып барылат.Токтомдору жазылган. Планда күнүмдүк аткарылуучу иштер: окуу-тарбия иштери, чарбалык иштер, тазалык, катышуу ж.б. камтылган.

Усулдук кенештин жетекчиси Борбуева Жаңыл, жылдык. Айлык пландары түзүлгөн жана бекитилген, токтомдору жазылган. Ачык сааттардын графиктери илинген, өтүлгөн ачык сааттардын токтомдору бар. Ар бир усулдук бирикменин иш- кагаздары толук даярдалган иш-пландары, токтомдору бар. Мектепте кадрлар жетиштүү.

Мектепте коррупцияга каршы иш-план түзүлгөн, иш-план боюнча иш алынып барылат, авр бир мугалимге түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. Мыйзамсыз акча чогултууга тыюу салуу боюнча буйрук чыгарылган.

Мектепте Негизги ишмедүүлүк боюнча, админстративдик-чарбалык иштер боюнча, кабыл алуу, которуу, бошотуу боюнча, өргүүгө чыгаруу,сыйлоо, жазалоо боюнча төрт буйрук китепчеси уюштурулуп, шнурланып бекитилип, беттери номерленип жазылат.

Кириш, чыгыш журналдар уюштурулган, келген жана кеткен документтер катталып турат.Клген кагаздар катталып аткарууга алынат, кеткен документтер катталып копиясы тиркелет.

Мугалимдердин өздүк делолору толук, андагы керектүү кдокументтер толук тиркелген. Эмгек китепчелери толук, атайын белгилер коюлуп өзүнчө сакталат.

Жарандардын арыздары келип түшкөндө каттоого алынат жана каралат, каралгандыгы туралуу маалымат берилип копиялары тиркелген.

Мектепте тиешелүү документтер сактоо мөөнөтү менен сакталат. Жылда ар бир класстын журналдары тангакталып сактоого өткөрүлүп берилет.

**№17 С.Далбаев атындагы гимназия мектебинин Миссиясы:**

**“Бардык шыктуу жана мативацияланган мектеп окуучуларына дүйнөлүк деңгээлдеги сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу, ошондой эле алардын интелектүү жана чыгармачыл дареметин ачуу.”**

1. Мектепте бул миссиянын устүндө иштөөдө ар бир мугалим план түзүп, шыктуу балдарга өзгөчө көңүл бөлүп иш алып барышат.
2. ЖРТ га даярдоодо билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу боюнча кружоктор уюштурулган.
3. Окуучунун интелектүү жана чыгармачылык дареметин ачуу үчүн ар бир сабакта пайдаланышат.